Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович изденүүчү Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин "Эгемендүү Кыргыз Республикасынынс саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991 – 2010-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык эмгек диссертациялык кеңештин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин профилине туура келет.

Диссертациялык иш 07.00.02 – Ата Мекен тарыхынын адистигинин паспортуна толук жооп берет.

Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу. Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк алган жылдардагы саясий өзгөрүүлөрдүн тарыхын изилдөө актуалдуу.

1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган Көз карандысыздык Декларацияынан кийин, коомдогу өзгөрүүлөр, саясий партиялардын пайда болушу, Президенттик бийликтин киргизилиши, мамлекеттик менчикти жеке менчикке өткөрүү сыяктуутарыхый окуяларга баа берүү, аларга илимий тыянак чыгаруу зарыл.

2. **Диссертациялык иштин максаты** - Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхына илимий талдоо жүргүзүү.
**Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү милдеттер коюлган:**

- Өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалга жана саясий түзүлүштү өзгөртүүнүн өбөлгөлөрүнө тарыхый баа берүү;
- Президенттик башкаруунун киргизилишине талдоо жүргүзүү;
- Өлкөдөгү көп партиялуулуктунпайда болушу, алардын коомго тийгизген таасирин аныктоо;
- Саясий бийликтин алсырашы жана коомчулуктагы наразычылыктардын чыгуу себептерине тарыхый баа берүү;
- 2005-жылдагы элдик революциянын себептери, жүрүшү, натыйжаларына тарыхый талдоо жүргүзүү;

- Элдик революциядан кийинки коомдук-саясий абалга аныктама берүү;

**3. Изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси жана ыкмалары** 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистигине байланыштуу коюлган талаптарга жооп берет.

**4. Илимий иштин жаңылыгы.** Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү тарыхын тастыктаган тарыхый булактар сурамжылоодогу жаңы маалыматтар илимий айлампага киргизилди.

- 2005-жылдагы Март окуясын Кыргызстандын эгемендик доорундагы саясий, социалдык-экономикалык начарлоонун кесепетинен жаралган, элдик кыймылдын жүрүшүнүн натыйжасын элдик революция катары эсептелет..

**5. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жогорку жана орто окуу жайларда Кыргызстандын тарыхы, саясат таанууда окутууда, мамлекет таануу, инсан таануу багыттарында изилдөө иштерди жүргүзүүдө колдонууга болот.

**6. Эскертүүлөр:**

1. Диссертацияда берилген таблицалар талапка жооп бербейт. Таблицаларга талдоо жүргүзүлбөгөн.
2. Сурамжылоонун суроо-жооптору диссертацияда берилбеген.
3. Илимий эмгекте тарыхый окуялардын кайталоолору кездешет.
4. Диссертация илимий редакциялоого муктаж, грамматикалык каталар бар.

**7. Сунуш:**

1. Иштин 2010-жылга тиешелүү бөлүгүн күчөтүү керек.
2. Көрсөтүлгөн мезгилде Кыргыз Республикасындада революциялар сабактарын жана саясий процесстерди колдонуу боюнча корутундуларды жана практикалык рекомедацияларды иштеп чыгуу.

**8. Жетектөөчү уюм:** А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасын сунуштайм.

**9. Корутунду:** Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991 – 2010-жж.)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация коюлган талаптарга жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө болуп саналат.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып,**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешине коргоого кабыл алууга сунуш кылам.

Эксперт,
Тарых илимдеринин доктору,
профессор Ормушев А.С.

19.03.2025-ж.

Эксперттин колун тастыктайм:

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А. К.